
*Ош-3000*

# ТАШТА КАЛГАН КЫЛЫМДАР

Биз 2000-жылы Ош шаарынын 3000 жылдыгын майрамдоо алдында турабыз."Ош шаарынын жашы 3000, же андан да ашыкпы?" деген суроо ар бир адамды кызыктырбай койбойт. Биздин эрага чейин 1 кылымдын башында Давандын байтакты Эрши шаары болгон, кийин байтакты Гуйшанга көчүрүшкөн. Себеби, борбордун чыгышка көчүрүлүшү Давандын батышындагы Кушан мамлекетинин күчтөнүшүнөн чочулоодон улам болгон. Гуйшан ("Аздектелген тоо") - Сулайман-Тоосу, же Ош болушу мүмкүн. Ош жөнүндө көп эле саякатчылар, тарыхчылар ар кайсы доордо ар түрдүү кызыктуу маалыматтарды жазып калтырышкан. Ошолордун бири Жалал Карши 13-кылымда төмөнкүчө жазган: "Ош шаарынын жанында эки тоо - Барака жана Ханиф болгон. Эки тоонун этегинде, же Сулайман жанында пайгамбардын же Ибн Дауддун вазири Сахиби Асаф Ибн Бурхаяндын бейити бар. Ошол жерге жерленген. Ал жер өтө ыйык тоо, ыйык жер саналат. Ислам дининдеги элдер тоо аталуусунан көөнө тарых деген дарек берет. Орто кылымдарда улуу Жибек жолундагы белгилүү шаарлардын бири болгон Даван Фергана өрөөнүндө үчүнчү орунду ээлеген. Шаар болуп, дубал (сепил) менен курчалган. Шаарга үч дарбаза аркылуу кирилген. Шаар 13-кылымда Чыңгызхан жапырыгында талкаланган. 14-кылымда Амир Темир хандыгына карап, кийинчерээк Моголстанга баш ийген. 17-кылымга келип, калмак баскынчылыгына дуушар болгон. 1762-жылы Кокон ханы Эрдене бий басып алган. 19-кылымда Николай падышанын кол астында Ош уезди болгон. Бул жерде окумуштуу Задпепровский жазуу иштерин жүргүзгөн. Ал Ош шаарынын жашын 3000 жылга чамалап көрсөтөт. Улуу акын, тарыхчы, жазуучу, моңолдор солусунун ханы мырза Бабыр "Бабырнаамасында" мындай деп баяндайт: "Султан Махмуд сулайман тоосуна бир өжүрө салган. Кийинчерээк мен 902-хижрий жылда пешайвандуу өжүрө салдым. Ош абасы таза, гүлдөрү, мөмөлүү дарактары көп шаар. Шаар менен тоо арасында бир "Жавзе" аттуу мечит бар. Ак



үчүн зыяраткана болуп эсептелет. Бул тоо 3000 жыл илгери өткөн Сулайман пайгамбардын аты менен аталышы бекеринен айтылбаса керек".

Мындан тышкары:

"Суу башында Сулайман,  
Суу аягы Түркстан.  
Түркстанда Кожоакмат,  
Кожоакматка ыракмат!"-деп айтылат. Бул да кылымдардан бери кыргыздын оoздон-оозго калган саң жарасы. Экинчи Сулайман тоосу деп аталышы Карахандар солусунун бири Сулайман Арсланхан Билгитегин да Оштогу такка келип олтуруп, эс алып кетчү экен. Бул жердин авасы таза, айланасы кооз болуп, кайсы гана хандарды өзүнө тартпаган. Ал хан өткөндөн кийин Насыр Ибн Али (Элик Тегин) 1038-жылы хан болгон. Кашкардан Бухарага чейин бийлик жүргүзгөн. Бул Карахандар же улуу хандардын аттары Улуу-Тоо аты менен уйкаш. Сулайман- Тоо же Улуу- Тоо. Ал эми Кара- Тоо оңурүндө, же Баткен районунун Ортобуз дахасындагы Аксайга кире бериш жерде оң кол жакта таш китеп бар. Бул таштагы жазуу куфий кат менен жазылган. Бул жазууну 19-кылымда Андреев изилдеген. 1904-жылы А. Половцев үйрөнүп чечмелөөгө аракет кылган. Ушул эле жылы В. Бартольд жана Иностранцев окуп чечмелешкен.

"Бул таш китеп 433-жылы Жумадыл аввал шейшемби күнү битилдиким. Арслан Тегинге. Ушул Ворух же Аксай тегереги корукхана кылынсын. Таза дарыя суулары, майда бадалдары, жайыттарынын көркөмдүгү, ушул суулуу өрөөндө жаратканга эсепсиз мактоо жана алкыштар болсун. 1041-милодий жылы же 433-хижрий жылы, Жумадыл Аввал шейшемби". Китеп 6 катар жазуудан битик болуп, тикеси 176, эни 322 см. Арииптердин эни 5-6, тереңдиги 3-4мм. Жылдар, кылымдар өтүп, арииптердин чети жемирилген. Сөздөрдү окуу өтө кыйын. Түндүк жактагы китеп 15-18 метр кеңдикте жайлашкан, 18 катар.Экинчи жазуу өтө эскирип кеткен. Окууга кыйын. Биринчи жазуу Арслан тегинге арналганы анык. Арслан тегин ким? Бул жөнүндө Карахандар тукумунун кенжеси Ил Арслан Элдик тегин болсо керек деген жыйынтыкка келдим. Өтүп кетсе да аттары кылым аша бизге чейин жетип келген. Мен ушул таштагы хан ким болушу мүмкүн деп көп издендим. Акыры ушул Ил Арслан Элик Тегин деген чечимге келдим. Бул Карахандар солусунун кенжеси. Таштагы жазуудагы жылдар ушул ханга туура келет. Бул Сулайман тоосунун мындан 3000 жыл илгери эле Сулайман карлуу тоодон бир улук дарыя агар, мечитке жакын жерде бир "Мусапыркана" меймамкана бар. Шаарга келген мусапыр адамдар ошол жерде дем алып түнөп кетишет. Ошто ким күн чыкканча уктаса, суу сээп ойготушат. Омар шайык доорунда кызыл, ак мрамор алынып, бычакка сап жасалган. Ушундай абасы таза жай Фергана өрөөнүндө жок".

Нечен кылымдар өтсө да астана шаар Ош дале болсо көрктүү, дале таза абасы кимдерди суктандырбайт. Алымдар, саякатчылар, падышалар Ошко ат башын бурбай кетпеген. Манас атабыз да, Алтайдан келгенде Алоокени ушул аймактан кууп чыгып, өз Ата журтун тазалаган. Берегирээктеги улуу хандар да Ошту ыйык деп билген. Бабыр мырза Индостанда жүрүп, Ош, Анжиянды сагынганы, сагынып жүрүп дүйнөдөн өткөнү бизге белгилүү. Алимбек атабыз да, Курманжандай кут түшкөн энебиз да Ошту ыйык деп билген. Өмүрүнүн акырына чейин Ош деп жан күйдүргөн мен да эне шаар Ошума төмөнкү ыр саптарымды арнадым:

Атылгандай (1) атылган,  
Хандар өткөн Ошумда.  
Ошпурбайдай жоо чапкан,  
Жандар өткөн Ошумда.  
Сулаймандай сураган,  
Дөөнүн тилин бураган.  
Кара-Тоодой келбети,  
Хандар өткөн Ошумда,  
Теңир тоонун канышасы,  
Аялзаттын паашасы,  
Жалпы Түштүк даткасы,  
Курманжандай энебиз,  
Пайгамбарым дагы эле,  
Булда өткөн Ошумда.  
Так үстүндө тургандай,  
Кош башында өгүзү,  
"Ош!" дедирбей жүргөндөй.  
Кызыр назар кылгандай,  
Кыдыр жүргөн Ош шаарым.  
Оомат сага жар болсун,  
Аалам канча турса да,  
Эне шаарым бар болгун!

МАЙРАМ ЖООШ КЫЗЫ, Баткен айылы.

(1) - Атилла